# Учууну кыялданган тоос



Автор: Алиша Бергер

Сүрөтчү: Шабани Хамиду

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Учууну кыялданган тоос

Автор: Алиша Бергер
Сүрөтчү: Шабани Хамиду
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Учууну кыялданган тоос" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *The Peacock Who Wished to Fly* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Alisha Berger жана сүрөтчүсү Shabani Khamid. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/3ff3f508-fe23-4b8b-bbbf-073e52b627c3?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тауси-тоос боорукер жана сылык канаттуу болчу.

Ал башка канаттуулар менен ынтымакта жашачу. Бирок Таусинин бир кыялы бар эле.





Тумшугу менен жерди чукулагандын ордуна, ал алыскы өлкөлөргө учуп кетүүнү кыялданчу.

Ал дүйнөнүн сулуулугун өз көзү менен көрүүнү каалачу.





Бирок Тауси тамак издеп да алыска бара алчу эмес. Кээ бир жаман канаттуулар аны шылдыңдай беришчү. Алар тамак издегенде, аны дайым жалгыз калтырып кетип калышчу.

– Мен канаттуу болгондон кийин, уча алышым керек эле. Эмне үчүн менде башка канаттуулардай канатым жок? – деп Тоос Тауси ичинен ойлонду.





Тауси ойлонуп калды. Ал башка канаттуулардан канат чогултууну чечти. Ал үкүнүн жанына уурданып басып келди.

Тауси үкүнүн бир нече канатын жулуп алды. Бул кооз, узун канаттар эле.






Ал тоту кушка келип да дал ушундай кылды. Кооз жашыл жана сары канаттарын этияттык менен жулуп алды.

Ал ар кандай канаттуулардан бир нече канат чогултту. Ал тургай дарыяда сүзүп жүргөн каздардан да сууруп алды. Бул эң кооз ак канаттар болчу.


Тауси канат чогултуп жүргөнүн сыр бойдон сактап койду.






Тауси керек болсо, тамактанып жаткан бүркүттөрдүн канаттарынан билгизбей жулуп алды!

Тауси көптөгөн кооз канаттарды чогулткан соң, аларды бири-бирине бириктирип койду.





Тауси куйруктарды кылдаттык менен бекитти. Ал куйругун жайганда, канаттар желбиреп ачылды.

Бул укмуштуудай көрүнүш эле! Түстүү канаттардын аркасы менен, Тауси ого бетер сулуу көрүндү.

Эми тоос Тауси айылдагы эң кооз канаттуу болуп калды. Канаттуулардын эч биринде тоостукундай кооз канаттар жок эле.





Тауси бактылуу эле. Эң кооз канаттууга айлангандан кийин, ал учуп кетүү оюнан кайтты. Башка канаттуулар аны шылдыңдап, мазактаганды токтотушту. Алар анын сулуулугуна суктануу менен алек болуп калды!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Алиша Бергер
Сүрөтчү: Шабани Хамиду
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли